анда анын милдеттери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте уюштуруучусу жооп берет.

6.Республикалык мектепти каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, каржылоо каражаттары болсо, мектепти ченемдерден ашык каржылашы мүмкүн.

7.Мектептин финансылык-чарбачылык ишин мамлекеттик контролдоону текшерүү органдары тийиштүү ченемдик укуктук актылардын негизинде жүргүзүшөт.

## 16. Эл аралык кызматташтык

1.Мектеп Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте чет өлкөлүк ишканалар (мекемелер, уюмдар) менен түз байланыш түзүүгө жана банк мекемелеринде валюталык, эсептерин ачууга укуктуу.

## 17. Мектепти жоюу жана өзгөртүп уюштуруу

1.Окуу жылынын аягында мектеп жоюлса же өзгөртүп уюштурулса, билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу-өкүлдөрү) менен макулдашып, аларды башка мектепке которуу боюнча жоопкерчилигин өзүнө алат.

2.Мектептин жоюлушу жана өзгөртүп уюштурулушу Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинде жана Кыргыз Республикасынын "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлдүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө" Мыйзамында аныкталган тартипте ишке ашырылат.

Таабалды Жоробеков атындагы
№95-орто мектебинин директору Н.Алимбекова